**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**СУЗАК РАЙОНУ**
**БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**БАГЫШСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**БАГЫШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН БАГЫШ АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИНИН VIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН XIII СЕССИЯСЫ**

# ТОКТОМ №12

**25-ноябрь 2025-жыл** **Октябрь айылы**

Багыш айыл өкмөтүнүн Октябрь айылында
Ю.Гагарин көчөсүнүн №44а дарегинде жайгашкан
500 чарчы метр жер аянтты жана имаратын муниципалдык
менчикке алуу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” мыйзамына ылайык, Багыш айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 14-ноябрындагы 01-26/2552 сандуу «Багыш айыл өкмөтүнүн Октябрь айылындагы Ю.Гагарин көчөсүнүн №44а дарегинде жайгашкан 3-05-09-1005-0927 идентификациялык номери менен катталган 500 чарчы метр жер аянтты жана имаратын Искендеров Данияр Апсаттарович Багыш айыл өкмөтүнүн карамагына өз каалоосу менен өткөрүп бергендигине байланыштуу, Багыш айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине кабыл алып берүү жөнүндө» кайрылуусун жана Багыш айылдык кеңешинин Агрардык саясат, өзгөчө кырдаалдар, экология, курулуш, архитектура жана коммуникациялар боюнча туруктуу комиссиянын протоколдук чечимин угуп жана талкуулап Багыш айылдык кеңешинин VIII-чакырылышынын XIII сессиясы токтом кылат:

1. Багыш айыл өкмөтүнүн Октябрь айылынын Ю.Гагарин көчөсүнүн №44а дарегинде жайгашкан 500 чарчы метр жер аянтты жана имараты муниципалдык менчикке кабыл алууга макулдук берилсин.

2. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Багыш айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Түгөйбековго милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү Багыш айылдык кеңешинин Агрардык саясат, өзгөчө кырдаалдар, экология, курулуш, архитектура жана коммуникациялар боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Ж.Сейдахматовго жүктөлсүн.

4. Токтом Багыш айыл өкмөтүнүн расмий сайтында жарыялангандан жана юстиция органдарынан каттоодон өткөрүлгөндөн тартып өз күчүнө кирет.

Төрага К.Кулмамбетов